УДК 94(369)

# ВЕЧНЫЙ ЗОВ ПРЕДКОВ

*А.А. Бекбалаев, Д.Д. Сариев*

Описывается древнейший период кыргызской истории II–VII веков, когда предки кыргызов, гунны, совершали пятивековой поход в Европу, после чего вернулись на территорию современного Кыргызстана.

*Ключевые слова:* гунны, Аттила.

# ETERNAL CALLING OF THE ANCESTORS

*A.A. Bekbalaev, D.D. Sariev*

The article gives the description of the most ancient period of the Kyrgyz history of the II–VII centuries, when ancestors of the Kyrgyz, the Hun, were on a 5-century hiking to Europe and then returned to the territory of modern Kyrgyzstan.

*Key words:* Hun; Attila

Ырас, кийинки кездерде байыркы кыргыз элибиздин эзелтен тамыр алган табышмактуу да, көп сырдуу да тарых-таржымы (кытайлык жылнаамалык булактар аркылуу б.з.ч. IV к. “гунндар” деп аталган элдин ушундай окшош “хунну” наамындагы Түмөн, Моду кагандары бар болуп, алар согушчан келип, нечен ирет түндүк кытай падышалыктарына кирип чаап, ал жактардан алтын, күмүш жана башка асыл таштарды, өнөр жай жана темир буюм-тайымдарды, колдорунан көөрү төгүлгөн чебер усталар менен жаш келин-кыздарды олжолоп алып кетип турушкандыгы, так мына ушул түндүк тараптан келип тийчү согушчан коңшулардан коргонуш үчүн кытайлыктар б.з.ч. II к. Улуу кытай дубалын кура баштагандыгы, он жылдап басылбай, капшабын боорду эзе тийгизген жуттун (ачарчылыктын) башка да азап-тозоктордун айынан хунндар-кыргыздар деп аталган сабир уруусу жашаган Түштүк Сибирге жана динлин уруулары отурукташкан Алтай тайпак тоолоруна көчүп барып, андагы элдер менен бат эле жуурулушуп, бириккен бир журт болуп калышкандыгы, бирок ООШ-кыйыштуу дүйнө гунн кыргыздарын эки жүз жыл бою байыр алып, очор-бачар жашап калган бу жеринен да козголтуп, б.з. II к. башында батышты карай аттанууга мажбурлантканы, узак жолдо баратып алдыдан кездешкен түрк тилдүү эмес майда-барат урууларды өзүлөрүнө кошуп (ассимиляциялап), алыска сапарын уланта беришкени, Ф. Энгельс таамай белгилегендей, өлүп бараткан Европага жаңы дем күч бере керектүү убакта, керектүү жерде пайда болуп, алар Европа аркылуу айланма жолдон Улуу Көчтү жаратып, кул ээлөөчүлүгү бар Рим империясын кыйроого учуратып, VII к. кайра Ала-Тоосуна кайтып келгендиги, түрк кыргыз элинен нечендеген баатыр бабаларыбыз чыгып, кан ордосу азыркы Венгриянын пуштасынан орун алгандыгы, ушул жана башка чекеси оюла элек мейкиндиктерге, тарыхый инсандарга учурунда В.В. Бартольд, А.Н. Бернштам, Л.Н. Гумилев, Г. Шрейбер, H. Woltram, M. Гухман өңдүү ж.б. окумуштуу-тарыхчылар, өзүбүздүн эле бир катар илимпоз, дастанчы жердештерибиз токтолуп, өз илимий ой, божомолдоолорун ортого салышкандыгы, мындан тышкары, муну, көрсөтүлүп кеткендей, ар кыл сүрөттөр менен көркөмдөлүп жасалгаланып, 400 беттен турган “Attila und die Hunnen” (Аттила жана гунндар) деп аталган тарыхый маалымат китеби ырастап тургандыгы, бабаларыбыздын Улуу, узак мезгилге созулган баатырдык арыш-жүрүшүн тарыхтын, археологиянын, этимологиянын, салыштырмалуу-тарыхый тил илиминин, / бул жерден илимий далилденген таңкалаарлыктай тактыкка токтоло кетели: тарыхтын баян этилген учурундагы жалаң кыргыздар, атап айтканда, байыркы кыргыздар гана эмес, ошондой эле ал таптагы хунндар-гунндар да кийин түрк же байыркы түрк тилинде сүйлөп келишкен, кийин ал түрктөрдүн жалпы тили болуп калган /, музыка таануучулук менен генетиканын так фактылары аркылуу, ошондой эле оозеки элдик чыгармалар менен тектеш: эпос, ылакап, жомоктордогу, уламыш, легенда менен санжыралардагы

маалыматтардын жардамы менен далилдөө аракети А. фон Бектин "Гунндар" трилогиясы, "Аттила – кыргыздардын бабасы" аттуу илимий-популярдык очерктеринде, башка да публицистикалык макалаларында көрүлгөндүгү, эзелки баалуулук, кенчтерибизге багышталган олбурлуу долбоорлор, багыттуу эмгектер иштелип чыгылып жаткандыгы…), өткөн чагыбыздын, улуу бабаларыбыздын дабыштарынын жакындан, жаныбыздан угула башташы тууралуу далай илимий ой жүгүртүүлөр, далилдер менен тыянактар… буга чейин да берилип, айтылып жана орун алып келгендиктен, бу ирет айтылгандарды утуру кайталай бербей, кайтап туруу да милдетибиз, сөз учугун көбүнесе жандуу нукка, тагыраак айтсак, бизди биз кылып, ошол шар, нардуу тарыхыбызды жаратып жана өөрчүткөн адамдардын – бабаларыбыздын бейнесине аз да болсо буруу аракетин жасап көрөлү. Мунун өзү чалкып жаткан дүйнөлүк мухит экени, бу туурасында миң мертебе айтканыбыз менен чекесине жакындоо мүмкүн эместиги белгилүү болсо да.

Эзелки элибиздин ичинен, айтылгандай, башкалар сукtаныч гана эмес, мактаныч, чоң кызганыч, кээде көзүнүн сырты менен карашкандай, адам баласын таңкалткан касиет-аракеттери бар эрлер чыгыптыр, ал эми Европалык тарыхнаамада он эки "европалык" жалпы гунн хандарынын ысымдары белгилүү (Баламбер, Улдин, Харатон, Донат, Мунчук, Октар, Ругил, Беледа, Аттила, Эллак, Денгизих жана Эрнак) жана алардын ичинен бүт дүйнө элине баатырдык жүрүштөрү гана эмес, Мундзук хан атадан туулуп-өсүп, нечен элдердин башын бириктирүү менен дүйнөлүк легендага айлангандай өмүрдү өтөгөн, баштаганын аягына чыгарып, салгылаштарда жеңилүү дегенди билбеген, белгилүү күн, саатта (жалган өмүр деген ушу да) көз жумган мезгилинен, анын эбеп-себептеринен бери маалим Эдил (Аттила) каган бабабыздын атак-даңкы чек коюлбай таралып, өлбөс-өчпөс уламыштарга айланып кеткен. (А. фон Бек бу жааттагы өз эмгектеринде башка улуу бабаларыбыздай эле Аттила падышанын жандан башкача аскер башчы, көсөм, дипломат, улуу стратег болгонун гана эмес, анын эң жөнөкөй адамдык, атуулдук сапаттарынан бери таза адабий тил менен дух-рухунун бир тамчысын төкмөкчачмак түгүл жакындан ой жүгүртө байыта, өтө астейдил сүрөттөп, көп чечүүчү жагдайларды анын өзүнүн ой жүгүртүүсү, көкүрөк туюм-сезими аркылуу берүүгө жетише алган. Ошондой эле баатыр бабабызды, анын ата-бабаларын курчаган чөйрө, жаратылыш, башка да аскер башчылары, ата менен эне, таяке-жээн, достору менен кастары, ортодогу мамилелер.., дегеле оозго алынган ар бир жан, ал кездеги жашоо-турмуш ыргагы… тууралуу да, бир сөз менен айтканда, жалындап-күйүп, обологон ой-көрүм, илимий божомолдоолорун түптүү негиздерге таяна өөрчүткөн).

Айтсак, уламыш, легендалар да ар башкача маанай, максатта жаралган. Гунн мамлекети жоюлгандан соң, так айтканда, Аттиланын көзү өткөн кезде гунндар менен таламдаш остготтор элдердин Улуу көчүнүн шары менен азыркы Германияга (Везер дарыясынын жээгине), о.э. Австрия, Чехия менен Польша жергесине бет алышат. Вестготтор болсо Везердин түндүк жагынан орун табышат. Мына ушул себептен да бул дарыянын чыгыш жагынан пайда болгон мифтерде, уламыштар менен санжыраларда гунндардын, айрыкча, Аттиланын жакшы жактары айтылса ("Атли жөнүндөгү ыр", "Дитрих Бернск жөнүндөгү ыр", "Гудрун жөнүндөгү ыр" ж.б.) , ал эми гунндардын келишкис душмандарынан болгон вестготтор тараптан жаралган легендаларда терс көрүнүштөр аша чапкандык менен көрсөтүлөт ("Гунндардын салгылашуулары жөнүндөгү ыр", "Эрманарихтин өлүмү жөнүндөгү ыр", "Брюнхильд жөнүндөгү ыр" ж.б.).

Бирок кантсе да, А. фон Бек белгилеп кеткендей, орто кылымда жаралган мифтер менен уламыш, санжыралардын пайдасы чоң: биринчиден, гунндар жана алардын падышасы Аттила (Этцель) ар дайым жеңүүчү болуп, качан болбосун германдык элдердин тагдырына тиешелүү иштердин бардыгына көзөмөл жүргүзгөн жогорку калыс тарап катары чыгып турган, экинчиден, Азиянын түпкүрүнөн келген гунн эли менен алардын падышасы Аттила тарыхта өз орундарын таап, ар дайым кыймыл аракетте жашап келишкен уруу жана адам катары, германдык жалпы түшүнүккө таянып айтсак, чыныгы баатырдык көрсөтүү менен (адилеттүүбү же жокпу, бул башка кеп) алардын оозеки легендалары менен санжыраларына кирип калган, бирок кагазга же пергаментке кийин IX–XII кылымдарда гана жазыла баштаган. Үчүнчүдөн, германдык легендалар менен мифтердин таралуу максатын да кошуу керек – бул гунндар менен бирге келип отурукташкан остготтор же гунндардан жанталашып качып кутулушкан вестготтор жайгашкан Германиянын гана аймагы эмес, Скандинавиянын узатасынан созулуп жаткан мейкиндиги, ошондой эле бул материктен эң ыраак жерде – Исландиянын 2000 км алыстыкта жайгашкан аралындагы өлкө, мындагы, айтмакчы, байыркы исландиялык "Атли жөнүндөгү ыр" легендасында гунндардын башчысы адилеттүүлүктүн жана туура үрп-адат, салт-санааларынын колдоочусу катары чыгат.

Айтмакчы, Аттила жөнүндөгү генетикалык эстелик борбордук Азия элдеринин ичинен кыргыздарда сакталгандыгы өзгөчөлүү эмес, мыйзам

ченем эле көрүнүш десек болот: анткени, Германия менен Исландия кайда да, Кыргызстан кайсы жерде жайгашкан. Биздин оюбуз боюнча, азыркы таптагы кыргыздар – II к. элинин басымдуу бөлүгү Алтайдан (Алты Тоо) батышты көздөй V к. созулган эң узак согуштук жортуулга аттанып, анан арадан беш кылым өткөндө, VII к. гана кайра кайтып, бирок бу жолкуда касиеттүү Ала-Тоого келишкен гуннкыргыздардын же гунндардын тикеден-тике урпактары экендигин дагы бир ирет баса көрсөтүп турат. Айтылгандай, мындан башка ырастоолор да аз эмес.

Кыргыз санжырасы – бул оозеки-фольклордук түрдө муундан-муунга өтүп келген маалыматтар экендигинен күмөн саноого болбойт. Алар тигил же бул кыргыз уруулары менен урук-тукумдарынан чыккан атактуу эл башыларынын ата-тегин баян этүү менен гана чектелбестен, ошондой эле турмушта болгон тарыхый окуялардын өңүтүндө уруулардын тарыхый жолун да чагылдырып турат. Албетте, биздеги бардык эле санжырада гунндар же гунн кыргыздары тууралуу айтыла бербейт, не дегенде, бул үчүн кыргыз уруулары менен урук-тукумдарынын байыркы тарыхына дагы 2000 жыл, балким, андан да көбүрөөк нарылап сүңгүп кириш керек. Канткен менен, "алмустактан берки баян" принциби сакталган санжыраларда Атылакан жөнүндө айтылбай койбойт. Алсак, С. Закировдун санжырасында Атылакандын ысымы ички өз ара кагылышуулар менен бийликсиздик өкүм сүрүп турган мезгилдерде пайда болуп, бул баатырды кыргыздарга ынтымак менен биримдикти орнотуу, башка элдердин ичинен өз ордун табышы үчүн тагдыр өзү буйругандыгы кенен-кесири баян этилет.

Белгилүү тарыхчы О. Айтымбеттин "Кара кыргыз" деп аталган беш томдук китебинин экинчи тому кыргыз тарыхынын гуннкыргыз мезгилине арналып, анда атагы алыска угулуп калган "унндар" б.з.ч. 36-жылдан тартып, б.з. 370-жылына чейин Эдил менен Арал аралыгында, эң байыркы Оргу жеринде туруп, кайрат-күч топтоп алышып, алар II к. баш чендеринде Эдилдин ары жагындагы урууларга кол сала баштагандыгы айтылат. Аталган тарыхчы-изилдөөчү гуннкыргыз тарых учурларын ырааты менен баяндап, гунндардын он эки хандарынын ичинен үчөөнү – Улдин ханды (Олжо), Ругил ханды жана Аттиланы (Адил) өзгөчө белгилейт. Айтылгандай, унн империясы Адил баатырдын тушунда гана (434–453) күч-кубатына толгон да, ээлик кылган аймагы алда канча кеңейген, коомдук түзүлүшү аскердик демократиянын эң жогорку деңгээлине көтөрүлгөн (эгерде жогоруда аталган окумуштуулар тарабынан гунн заманындагы тарыхый эстеликтер табылган жерлердин бардыгынын картасын алдыбызга жайсак, анда биздин гипотезабызга ылайык келген төмөндөгүдөй көрүнүш келип чыгат экен. Андай жерлерге: Алтай жана анын чет-жакалары, түндүк Казакстандын талаалары, Урал жана Волга дарыяларынын аралыгынын түндүк бөлүгү, Волгоград – Харьков жолундагы түштүк-орус талааларынын түндүк бөлүгү, Украинанын орто бөлүгү, Дунай ойдуңунун түндүк румын жак бети, венгриялык дунайортолук түздүгү, ар кыл европалык аймактар: түштүк Германия, Голландия менен Бельгиянын аймактары, түндүк жана түштүк Франция, түндүк Италия жана тоолуу Альп жерлери; эгерде гунндардын артка кайткан жолу жаатында ой жүртсөк, анда: Дунай ойдуңунун түштүк болгар тарабы, Балкандар, Кичи Азия, Сирия, Ливан, Палестина, Ирак, Иран, Закавказье, Предкавказье (гунндардын артка жол тартышынын башка агымы: Причерноморье, Крым), андан ары: Каспий алдындагы ойдуң, түштүк казак талаалары менен Ала-Тоо жана анын айлана-тегереги кирет. Гунн заманын изилдеп казуулардын географиясы сүйрүрөөк келген жарым тегерек кейиптенип, Алтай менен Ала-Тоо тоо кыркалары ошол жарым тегеректин бүткөн жерин көрсөткөндөй чыгып турат экен. Бу да кокусунан болгон эместир).

Аттила байыртан жазылып жана айтылып келаткандай, өзүн ар качан карапайым алып жүргөн, арыз муң менен кайрылгандарды кунт коюп угуп, өтүнүчтөрдү аткарууга аракеттенген. Жөнөкөй жыгач идиштен тамактанып, олтурган тагы – кадимки жыгач олтургуч болуптур. Ал гот (эзелки герман) жана латын тилдеринде эркин сүйлөгөн. Тегерегине дайыма белгилүү адамдарды топтоп, алар менен мамилелеш болгон. Орун-очок издеп келген качкындардын ичинен билимдүүлөрүн мамлекеттик, аскердик кызыкчылыктарда пайдалана билген… Ушундай ойду улоо максатында 449-жылы Аттиланын Паннониядагы ордосуна императордук элчиликтин башчысы болуп барган чыгыш римдик элчи, жазуучу жана тарыхчы Приск Паннийскийдин төмөндөгү эскерүүсүнө орун берели: "Биринчи кызматчы бир нече кесим эт салынган идишти, экинчиси нан менен жеңил даам алып келип, падышанын алдына коюшту. Ошол эле учурда башка варварлар менен кошо сырттан келген биздин алдыбызга алтын, күмүш идиштерге салынган не түрдүү даам-аштардын баарын жайнатып салышты. Падыша тамак-ашты тандамак түгүл, алдындагыларына анчейин маани берип, негизинен жупуну, айтылгандай, жеңил оокаттар менен азыктанат экен. Ал олтурган үстөлдүн үстүндөгү жасалга да биздикиндей, б.а., жомоктогудай болбой, эң жөнөкөйлүгү менен айырмаланып турду. Кийимдери өзүнө жарашып, таптаза болуп турганы менен, абдан жупуну. Кындуу кылычы да, белиндеги ку-

ру да, варварлардын салты боюнча кончу тизесине жеткен бут кийиминин боолугу да, ат-жабдыктары да, мен башкалардыкын көрүп-билип жүргөндөй алтын, күмүш жана башка асыл таштар менен жалатылып жана коздолбой, эң жөнөкөй болуп чыкты. Анын мына ушундай улуу касиеттери: жөнөкөйлүгү, адилеттүүлүгү жана боорукерлиги үчүн (Вигилийге ырайым кылгандыгын эле эскере кетсек жетиштүү) гунндар гана эмес, ага баш ийген башка элдерден бери урмат-сый көрсөтүп турушканынын маңызын түшүндүм" (Бек фон А., III кит. II т., 174-б.).

Аттиланын бейнесине тиешелүү көптөгөн мисалдардын дагы бири: гунндар атактуу адамдардын сөөгү коюлган жерлерди эч кимге билдирбөөгө канчалык аракеттенип келишпесин, "караниет көрбузарлар" кымбат баалуу шакек, шурулардан бери карактап-уурдап кетип жүрүшкөн. Бул – бүгүнкү күндүн көрүнүшү эмес. Гунндар күркүрөп бийлик жүргүзүп турган ошол эзелки заманда эле ниети бузуктар – көрказмалар ыйыктыкты тебелеп-тепсеп, мүрзөлөрдү ачып, маркумдар менен кошо коюлган баалуу буюмдардын баарын уурдап кетип турушкан. Гунндар заманынын тарых-таржымалында бир чектен чыккан, кудайга жакпаган окуя маалым: гунндардын бейиттери алигидей карасанатайлар тарабынан таланып-тонолуп жана кордолгондугу үчүн Аттила катуу каарданып, күнөлүүлөрдү тезинен таап, катуу жазалоо максатында коңшулаш эле жердеги Чыгыш Римдин жерине согуштук жүрүшкө аттанып чыккан – бул жөнүндөгү жазуулар 443-жылдагы жылнаамалык маалыматтарда сакталып турат. Бул жерден А. фон Бектин жалпыбызга тааныш "Гунндар" аттуу трилогиясындагы көркөм-тарыхый баянынан үзүндү келтире кетели:

"Так мына ушул саамда гунндардын сол канатын башкарган Аттила сыйлуу меймандарды – падышаларды кабыл алчу чоң ак өргөөсүндө жалпы гунндардын тамгастанабашысы, жашы кыйлага барып калган ант Дерябаны жана анын жардамчысы, галлоромандык көпөстүн отуз жаштагы уулу Вариний Пизон менен сабир Эскам тилмеч Айхасты кабыл алып жаткан. Деряба карыя убакыттан жан-чачымы азайган көгүлтүр көздөрүн ого бетер үлүрөйтүп, оң кулагын жакындатып тосуп (кулагы катуу боло баштаган), Аттила хандын сөзүн калтырбай угууга аракеттенип атты. Канында гунндардын да, румдардын да каны бар, күчкө толуп турган, ойноктогон капкара көздөрү сабир апасыныкындай жүлжүйүңкү келген жаш Эскам жука тактайчаны алып, колундагы калеми – сыяга малынган каз канаты менен падышанын атактуу чыгышрумдук билерманга карата кайрылган төмөндөгүдөй сөздөрүн шыпылдатып жазып кирди:

"Урматтуу Хрисафор-ага! Сага өзүңдүн жакын досуң Мундзук хандын уулу тайчы Аттила саламын жолдойт. Мен төмөнкүдөй такилиб менен кайрылгым келди. Дуростора калаасындагы кайсыбир Себастьян деген эпископ өзүн эң карасанатай адам катары көрсөтүп койду. Ал атактуу гунндардын сөөктөрү коюлган көрүстөндөрдү каздыртып, ичиндегилерин карактап кетүү максатында жашыруун, атайын даярдыктан өткөн каракчылар тобун Дунай аркылуу жөнөтүп турууну адатка айлантты. Анткени, биз мүрзөгө көчмөндөр ыйык санаган эрмен чөп – шыбакты гана эмес, ошондой эле алтын менен күмүш жасалгаларын, кымбат баалуу, алтын оймолор түшүрүлгөн курал-жарактарды да коебуз. Ырас, биз көрүстөндөрдү суук көздөн алыс кармоого аракеттенебиз, бирок каракчылар не куулуктарга барып, аларды издеп таап алып жүрүшөт. Мына ушундай балит иштердин айынан биздин ондон ашык ыйык бейиттерибиз жапа чегип олтурат. Биз мына ушундай ыпыластыкка барган ууурулардын айрымдарын кармаганбыз, алардын үчөө азыркы тапта колу-буттары чынжырланып менин ордомдо; алар дуростордук епископ Себастьяндын буйругун аткарганбыз деп өзүлөрү айтып атышат. Мен ошол эле замат биздин ата-энелерибиздин мүрзөлөрүнөн карακталган ыйык эстеликтерди кайтарып ордуна алып келүү үчүн Дуросторго жоокерлердин бир нече топторун жибергем. Алар бир айдан, б.а., ачкөз Себастьян менен анын жардамчыларын жазага тартышкандан кийин эле кайтып келишет. Андыктан, мына ушул эч нерсеге арзыбаган Себастьяндын айынан келип чыккан иштер туурасында улуу урматтуу император Феодосийге билдирип, тынчын алуунун деле кажети жок.

Сен менин атам, досуң Мундзук хан менен аңчылыкка чыкканда, мен кичине болсом да силерди ээрчип, кошо барган күндөр эсиңдеби, Хрисафор ага. Кандай керемет учур эле!

…Сага даярдаган белегим да бар. Мына ушул жыйырма фунт алтынды, ошондой эле баалуу терилер менен янтарды иниңиздей болуп калган Аттиланын колунан алып коюңуз".

Андан соң хан даанышман тамгастанабашы Деряба тарапка бурулуп, кулагы уксун үчүн үнүн катуу чыгарып:

– Деряба ага, бул катты жети күндөн кийин Хрисафордун өз колуна тапшырыш керек. Шашылыш иш болуп турат" – деди [1-кит., I т., 393–394-б.].

Бул үзүндүнүн эки учуруна кыскача түшүндүрмө берип кетели. Биринчиден, "жалпыгунндук тамгастанабашы" – бул гунндардын бажы кызматынын башчысы (тамгастана); бул уюм чекараларда бажы төлөмдөрүн чогултуу менен гана чектелбестен, Гунн империясынын тышкы саясий иштери менен да алектенген. Экинчиден, каттын

жеке мүнөзү жана даңазалуу падышанын экинчиси болсо да гунндардын сол канатын башкарган, ыраматылык атасынын досу, ошол тапта чыгышримдик мансаптуу төрө болуп жүргөн Хрисафорго "ага" деп чоң урмат көрсөтүү менен кайрылгандыгы көңүлдү өзүнө бурбай койбойт.

А. фон Бектин версиясы боюнча, Аттиланын энеси Чури ханыша деген болгон. Анын ысымы "кулдун кызы" деген маанини билдирет (бул кыргыздын семантикалык жана тыбыштык өзгөрүүгө туш болгон "чүрөк" деген эле сөзү), ал сабирлер уруусунан чыккан, сырткы келбети монголоид тибиндеги аял катары баян этилет:

"Мээрими тышына чыгып турган капкара олоң чачтуу келип, баштангысынан ылдый түшүп турган жоон өрүм чачтарын бир аз ак аралай баштаган, келишимдүү келбетин жогото элек Чури ханыша өзүнүн тун уулу, жалгыз эркеги Аттиланы кубанып тосуп алды. Аттан ыргып түшүп жанына жетип келген узун бойлуу, кең далылуу уулун кучактап көкүрөгүнө бекем кысканда, сабирликтерди тартып бир аз кылырыраак келген капкара көздөрүнө жаш тегерене түштү. Эки жылдан бери көрүнбөй сагынткан жалгыз уулу (ал дайыма согуштук жүрүштөрдө болуп же мамлекеттик иштер менен сыртта жүрчү) бир гана жагынан – чачы түсү менен гана түспөлдөшүп турчу; калган жагынан, айрыкча бакырайган көк көздөрү, кырдач мурду, көктүгү менен, энесинин айтымы боюнча анын ардактаган уулу толугу менен о дүйнөгө эрте кеткен атасы Мундзукка куюп койгондой окшошуп турган" [Бек фон А. цит. чыг., III кит., 1 т., 18-б.].

Албетте, Аттила менен анын гунндары – эч кандай миф эмес. Аттила буга чейин болуп көрбөгөндөй масштабда жашоо-турмушка кирген тарыхый инсан. "Бирок Аттила жөн эле варвар да эмес. Бул эбегейсиз зор амбициялуу жана жөндөм шыктуу адам. Ал кошундаш уруулардын көп сандаган аскерлеринин жана камалоо каражаттарынын коштоосу алдында атчан гундардан куралган кубаттуу колду башкарып, Европанын Чыңгысханы болуп калган. Азыркы Венгриянын аймагында жайгашкан базасына таянып, ал Балтика деңизинен Балканга чейин жана Рейнден Кара деңизге чейин созулуп жаткан зор империяны түзгөн" [*Мэн Дж.* Аттила. М., 2007, 7-б.].

Гунндардын жана алардын падышасы Аттиланын ысымдары демейде көптөгөн тарыхый окуялар: элдердин Улуу көчү, кул ээлөөчүлүк Рим империясынын кыйрашы, кулдардын массалык түрдө эркиндикке чыгышы, жеңиштүү жортуулдар, "көчмөндөрдүн жапан ордолору менен", шаарлардын кыйроого учурашы менен, жалындап күйгөн өрттөр жана көптөгөн башка оң да, терс да тарыхый көрүнүштөр жана окуялар менен байланыштырылат. Бирок бул ысымдар кандай жагынан көрсөтүлүп жана айтылбасын, алар кандай жагдайларда болбосун кандайдыр-бир түшүнүксүз толкундоону жана урматтоону пайда кылбай койбойт.

451- жылдын күзү. "Мери менен Труанын ортосунан орун алган Маврицеан чөлдүү талаасында Каталаун түзөңү деген ат менен белгилүү, айыгышкан кандуу согуш жүрүп жаткан. Эки тарап тең бири-бирине катуу өчөшүп кетишкен; салгылашуу бир нече күнгө созулуп, санжырада айтылгандай, эки тараптан 200 миңге жакын киши курман болгон" [Аттила // Энцик. сөздүк. Брокгауз менен Ефрон. Өмүр баян, I т. М., 1991. 521-б.].

Бул учурда Аттиланын эң мыкты жоокерлери Шампани менен Европада жок болчу. Эч нерседен тайманбаган сабирлердин түмөнү башка гунндар жана вассалдык кавказдык жана припонтийлик уруулар менен бирге эсептегенде 50 миң киши болуп Кавказ аркылуу өтүп, Иранга жортуулга кетишкен… Падыша иштин чоо-жайын даана көрүпбилип турду. Өзүн урумдук жана федеративдик аскерлердин башкы командачысы Флавий Аэцийдин ордуна да коюп көрдү. Ага жамандык каалагысы келбейт… Өзү жөнүндө ойго чөктү: "Эгерде мен, гунндардын ханы Аттила эртең эле согушту баштап, урумдуктарды тып-тыйпыл кылып талкалап жиберсем, анда, мен алсыздана түшкөн учурда вестготтор жана алардын таламдаштары менен бетме-бет калам; анан эле вестготтор согушабыз деп арттан түшүп алышса, аларды жеңип алуу кыйынга туруп калат. Вестготтор мамлекетинин күчөп кетишинин мага кереги жок, мейли алар урумдук легиондорго каршы мурдагыдай эле жашырынып же айкын согушун жүргүзө беришсин. Согушту токтотуп, 'досум жана жолдошум' Аэцийди тынчтык менен кое берейин" [Бек фон А. III кит., II т., 297-б.].

Тараптар бир нече күн тирешип жеңишке жетише албай, жүз миңдеген жоокерлер курман болгон бул улуу салгылашуу, Аттиланын буга карата жасаган табышмактуу, "салкын" мамилеси (жеңишке жетишүүнү каалабагандыгы) тууралуу тарыхчылар тарабынан далай божомолдоолор айтылып жана жазылган. Мындан тышкары, Аттила мына ушундай бүтүмгө келүү менен тарыхты башка нукка буруп жиберүүчү ыңгайлуу учурду колдонгусу келген жок дегендей да ой келбей койбойт…

Дж. Мэндин пикиринде, Аттила ушул кезге чейин эле атуулдуктун өзгөчө тиби менен ассоциацияланып келүүдө… Анын тийгизген таасирин иш жүзүндөгү жетишкендиктерден эмес, анын ысымынан эле келип чыккан ой-толгоолордун оболоп көтөрүлгөн көктөмүнөн издөө керек. Ал тарыхый

фактынын жибин үзүп таштап, легендага сүңгүп кирди…

Азырынча бу кебибизди ушул жерден соңуна чыгара туруп, жараткан берген көсөмдүгү, жаңыга умтулуучулук касиеттери, ар-намыстуулугу менен баатырдыгы, сабырдуулугу менен толеранттуулугу адам баласынын тарыхында өзүнө татык ордун таап, бу жалганды шашыла жиреген өмүр-деми өлбөс-өчпөс, урпактары, далай элдер сыймык артчу легендага айланган Аттила бабабыздын таржымалы тууралуу айтчубуз али алдыда экендигине шыктана каниеттенебиз…

***Список использованной литературы***

*Бек фон А.* Гунны: исторический роман / А. фон Бек. Алматы, 2007.

*Бек фон А.* Аттила – предок кыргызов: научно-исторический очерк / А. фон Бек. Бишкек, 2011.

Attila und die Hunnen: Begleitbuch zur Ausstellung. Stuttgart, 2007.

*Гумилев Л.Н.* География этноса в исторический период / Л.Н. Гумилев. Л., 1990.

*Гумилев Л.Н.* Хунну / Л.Н. Гумилев. СПб, 1993.

*Bona I.* Das Hunnenreich. Stuttgart / I. Bona. 1991. S. 33.

Языки мира: Тюркские языки: специальное энциклопедическое издание / Э.Р. Тенишева. М., 1996.

*Карамзин Н.М.* История Государства Российского. Т. 1 / Н.М. Карамзин. М., 1989.

*Howartn P.* Attila – der Hunnenkönig. Mann und Mythos / P. Howartn. Freiburg – Basel – Wien, 2001. S. 12.

*Мэн Дж.* Аттила / Дж. Мэн. М., 2007.